“Тарых жана мурас” түрмөгү



# КЫРГЫЗ ЖАНА КАРАХАНДАР КАГАНАТТАРЫ

## Көөнөрбөс издер

Кыргыз каганаты

Бишкек - 2014

“Тарых жана мурас” түрмөгү

Серия «История и наследие»

Кыргыз Республикасынын Президентинин аппараты

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги

Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы

Кыргыз Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарымдуу өкүлчүлүгү

Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын “Мурас” фонду

Конрад Аденауэр фонду

Эл аралык Түрк академиясы

“Кыргыз Тарых Коому” эл аралык коомдук бирикмеси

“Бурана мунарасы” археологиялык-архитектуралык музей-комплекси

# Кыргыз жана Карахандар каганаттары: Көөнөрбөс издер

## III эл аралык илимий-тажрыйбалык жыйындагы баяндамалардын жыйнагы

*Ысык-Көл*
*2014-жылдын 18-21-сентябры*

Бишкек - 2014

**3-СЕКЦИЯ. КЫРГЫЗ ТААНУУ ЖАНА ТҮРКОЛОГИЯ: ЗАМАНБАП КӨЙГӨЙЛӨР ЖАНА ЖАҢЫ ЫКМАЛАР** ........ **278**

АВАЗОВ Э. А.
ПАДЫШАЧЫЛЫК ОРУСИЯНЫН ТҮРКСТАНДАГЫ БАШКАРУУ САЯСАТЫ: ПРОБЛЕМАЛАР ЖАНА АНЫ ЧЕЧҮҮ АРАКЕТТЕРИ ........ 278

АЙДАРКУЛОВ К. А., АНАРБЕКОВА В. Э.
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТҮПТӨЛҮШ ЭТАПТАРЫ ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА ........ 281

Ө. Ж. АЛЫМКОЖОЕВ
КЫРГЫЗДАРДЫН АСКЕР ИШИНИН Ю. С. ХУДЯКОВДУН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (IX-X КК.) ........ 286

ДОРАНОВА А. Д.
ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН ЭТИКАЛЫК КӨЗ КАРАШТАРЫ ........ 289

ДЖУМАГУЛОВА А. А.
ПРЕДОК КЫРГЫЗ: ГЕНЕАЛОГИ ОСМОНААЛЫ КЫДЫК УУЛУ (СЫДЫКОВ) И ШАКАРИМ КУДАЙБЕРДЫ-УЛЫ ОБ ОБЩИХ ПРЕДКАХ СОВРЕМЕННЫХ КЫРГЫЗОВ И КАЗАХОВ ........ 292

ДУЙШЕЕВ Ж. А.
РОЛЬ ПОЛИТИЧЕСКОЙ ПРАКТИКИ В ПРОЦЕССЕ ИНТЕГРАЦИИ ТЮРКОЯЗЫЧНЫХ СТРАН ........ 294

GÜLZURA CUMAKUNOVA
MANAS DESTANINDA TARIHIN İZLERI VE TÜRKLÜK FIKRI ........ 296

ЖУСУПОВА М. М., АБДИЕВА Ж.К.
"МАНАС" ЭПОСУ ЖАНА КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН БАШАТТАРЫ ........ 301

МАКЕРОВ Ш., ЭСЕНКУЛОВА Д.
ЭНЕСАЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН ТЯНЬ-ШАНГА КӨЧҮП КЕЛИШИ ........ 306

МАМБЕТТУРДУ МАМБЕТАКУН
ТҮРК ТИЛДҮҮ УРУУЛАРДЫН КӨЧҮШҮ ЖАНА АРАЛАШУУСУ ........ 309

МУСАЕВА Н. К.
КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАКАЛДАРЫНЫН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ФУНКЦИЯЛАРЫ ........ 314

СМАДИЯРОВ С. А., РЫСКУЛОВ К.
КЫРГЫЗСТАН - БАЙЫРКЫ ТҮРК МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТӨРҮНҮН ЖАНА МАДАНИЯТЫНЫН ЭКИНЧИ БОРБОРУ ........ 317

РЫСМЕНДЕЕВА Н.К.
КЫРГЫЗДЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ: ТАРЫХЫЙ ФАКТЫЛАР ЖАНА УЛАМЫШТАР ........ 323

СУБАКОЖОЕВА Ч.
КЫТАЙ КЫРГЫЗДАРЫНДАГЫ "МАНАС" ЭПОСУНУН ТАРЫХЫЙ БУЛАК КАТАРЫ МААНИСИ ........ 325

СУЛТАНАЛИЕВА Н. И.
УЛУУ ЖИБЕК ЖОЛУНУН БОЮНДАГЫ АЙМАКТАРДАГЫ КОЛ ӨНӨРЧҮЛҮКТҮН ӨНҮГҮШҮ ЖАНА ӨЗГӨРҮШ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ ........ 329

СЫРДЫБАЕВ Т. Т.
ИЗМЕНЕНИЕ ЭТНИЧЕСКОГО СОСТАВА НАСЕЛЕНИЯ КЫРГЫЗСТАНА В КОНЦЕ XIX ВЕКА ПО ДАННЫМ СТАТИСТИЧЕСКОГО КОМИТЕТА ТУРКЕСТАНСКОЙ ОБЛАСТИ ........ 333

ТОКТОГУЛОВА Г. Т.
ЖУСУП БАЛАСАГЫН ЖАНА МАХМУД КАШГАРИНИН ЧЫГАРМАЛАРЫНДАГЫ АГАРТУУЧУЛУК ИДЕЯЛАР ........ 337

УНАЛ АЛИ ........ 340
ОБЩЕСТВЕННОЕ ВИДЕНИЕ К ТРАДИЦИИ РАЗРЕЗАНИЯ ПУТ У ТЮРКСКИХ НАРОДОВ ........ 340

УСЕЕВ Н. К.
БАРС БЕК КАГАНДЫН ТОЛУК ЫСЫМЫ ЭЛИГ БӨРТ ОПА БАРС АДАМ АТЫНДАГЫ БӨРТ СӨЗҮНҮН ОКУЛУШУ ЖАНА ТҮШҮНДҮРМӨСҮ ........ 346

ЧОДОЛДОЕВА Г. Ж.
ТЕҢИР-ТОО КЫРГЫЗДАРЫНЫН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮНҮН ЖАНА МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН КАЛЫПТАНЫШЫНЫН ТАРЫХНААМАСЫ (XIX К.) ........ 350

ЧОРОТЕГИН Т. К.
ДВЕ ЗВЕЗДЫ ЭПОХИ КУЛЬТУРНОГО РАСЦВЕТА КАРАХАНИДСКИХ ТЮРКОВ ........ 354

ЫБЫШОВ А.
АНВАР БАЙТУР КЫТАЙ ЖАЗМА БУЛАКТАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ ЖӨНҮНДӨ ........ 356

[illegible]тердө же көтөрүлүштөрдү басууда каармандык көрсөткөндөр үчүн аталган аймакта кызмат [illegible] алардын кызмат тепкичинде көтөрүлүүсүнө көпүрө да болуп берген. Түркстанда орус [illegible]гинин уюштурулушу жана ишмердүүлүгүнүн принциптерин карап, Түркстан генерал-губернаторлугу алгачкы жашоосунун жыйырма жылдыгында борбордук өкмөттүн Орто Азиялык чет [illegible]арда жаңы түзүлүштү орнотууда эки мамилени бөлүп кароого мүмкүн. Аны шарттуу түрдө «[illegible]у» жана «жумшак» деп атоого болот. Каттуу мамиле крайда администрациянын биринчи [illegible]ына чексиз укук берген аскердик элдик башкаруу системасынын орнотулушунан, жакынкы [illegible]ктарда максималдык даражада Түркстанды Орусиянын калган бөлүгү менен органикалык жактан [illegible]рулуштуруу аракеттеринен көрүнөт. Жумшак мамиле орус бийлигинин туземдик-салтык [illegible]титуттарды жана элдин үрп адаттарын эске алгандыгында деп баалоого болот. Ушул эки [illegible]ленин натыйжасында Түркстандын башкаруу чөйрөсүндө борборго жүз бурган жана аны менен [illegible]рулушуп кетүүгө каршы болгон күчтөр да болгон.


**Колдонулган адабияттар:**

1. Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в Российской историографии второй половины XVIII- начала XX вв . [Текст] / Ж.Б. Алымбаев. -Б.: 2009.- С. 217
2. Альберт Каганович. Некоторые проблемы царской колонизации Туркестана [электрондук ресурс] /Каганович А.- Кирүү режими- http://kungrad.com/history/st/kolon/
3. Бахрушин С.В. История народов Узбекистана. [Текст]/ С.В. Бахрушин.-Ташкент,- 1947.С. 392.
4. Пален К. Отчет по ревизии Туркестанского края... [Текст] / К.К. Пален// Переселенческое дело в Туркестане. СПб., 1909. С. 29.
5. Пален К. Отчет по ревизии Туркестанского края... [Текст] / К.К. Пален// Краевое управление . СПб. Сенаторская типография .1910. С.59, 64,68, 69
6. Пален К. Отчет по ревизии Туркестанского края... [Текст] / К.К. Пален// Сельское управления. – СПб., 1910. – С.96, 101.
7. Свод законов Российской империи: Общее губернское учреждение[Текст] -СПб .-1876. Т. 2. Ч. 1. С. 15.
8. Федоров Г.П. Моя служба в Туркестанском крае // Исторический вестник. 1913. Т. 134. № 11. С. 444–445.



**Айдаркулов К. А.,**

т.и.к., ЖАМУнун профессору,

**Анарбекова В. Э.**

ЖАМУнун окутуучусу

(Жалал-Абад, Кыргызстан)


## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТҮПТӨЛҮШ ЭТАПТАРЫ ЭПИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАРДА

### (Кошок–санат жанрынын мисалында)

Азыркы учурда кыргыз эли 23 кылымдан ашык тарыхы бар эң байыркы элдерден болуп саналат. Байыртадан бери эл болуп калыптанган элибиздин салты, үрп-адаты, кошок жанрлары улам өөрчүп келгендиги да анык. Баатырдык эпостордун көпчүлүк материалдарында жоокерчилик турмуштагы согуш жетекчилеринин, баатырларынын, жол башчы акылмандарынын жана башка билермандарынын аткарган иштерине баа берилип, баатырдыктары даңазаланып көзү өткөндөн кийин, эли журтуна кошок жана санат аркылуу жарыялаган. Мындай көрүнүштөргө “Манас” эпосу менен “Коркут Ата” дастаны мисал боло алат. Алгач кошок сөзүнүн этимологиясы тууралуу сөз кылууну чечтик. Анткени, көпчүлүк адабияттарда бул терминге анчейин деле көңүл бурулбай келет. «Кош» жана «ок» деген эки сөздөн турган бул сөзгө «кош» сөзүнүн бир маанисинде «бирөө менен коштошуу учурунда айтылат» [1.556]. «Ок» - «мылтыкка дүрмөттөлүүчү зат». Кыргыздарда «айтылган сөз, атылган окко барабар» деген макал бар. Анын мааниси - ооздон чыккан сөз, атылган ок, ал кайра артка кайтпайт. Кээде чочууну да (айталы, «Ок, антип айтпа!») түшүндүрөт.

Айрым диний көз караштар боюнча «кошок», «кош ак» деген сөздөн келген. Анткени өлүктү узатаарда актоо (жаназа окуу, ж. б.) салттары менен коштоп узатышат. Аллага “ак” болуп, тазарып баруу, ак кепиндеп жерге коюу. Ал ак, кош эми, сен аксың (кош+ак): “бул дүйнөгө тап-таза ак келгенсиң, эми ал дүйнөгө да ак болуп баргын” деген мааниде айтылгандай.

Дагы бир мааниси - «нерсенин негизги бөлүгү, таянычы»: «жердин огу», «арабанын огу». Ушул түшүнүктөрдөн алганда, бир үй-бүлөөнүн, элдин ээсинин көз жумушу, дүйнөдөн өтүшү, ошол үйдүн түркүгү, таянычы кулашы менен барабар. Демек, үй ээсинин экинчи кайтып келгис сапарга узашын

тукентат. Тирүүлүктө калган жакындары дагы «кош» айтып, ошол тиреөчүнөн аргасыз ажыроосу баяндалат.

Түрк тилдүү элдердин байыркы доору мезгилинде «ок» деген термин этностук бирдиктерге карата айтылган: бир нече уруу бирикмесинин же бир бүтүн элдин бир же бир канча бөлүгү. Байыркы Орхон-Энесай тексттеринде (VI-VII-кк.) «Он ок эли», «Тогуз ок эли» деп аталган этностук аталыштар кенен кездешет. [2.234].

"Манас" жана "Китаби деде Коркут" дастандары кылымдарды карыткан, миңдеген жылдарды аралап, биздин заманга чейин келип жеткен көөнөргүс эстелик гана болуп эсептелинбестен, алар сөз чеберчилиги менен кынаштырылып айтылып, сөз кадырын барктап уккан инсандардын ооздон-оозго өтүп, даңазаланган нукура элдик чыгармалар.

Колубуздагы талдоого алып, карап жаткан чыгармалардын жаралуу доорун жана бул чыгармаларда чагылдырылган мезгилдерди үч этапка бөлүп кароо талапка туура келчү:

1-этап - Көөнө тарых доору: гунндардын жана огуздардын көчмөн цивилизациялары (б. з. ч. I-б. з. IV кк.);

2-этап - Байыркы кыргыз каганаты жана түрк доору: кыргыздардын жана түрктөрдүн өз алдынча каганаттарга (дөөлөттөргө) бөлүнүүсү (б. з. V-IX кк.);

3-этап - Түрк тилдүү элдердин бириккен улуу дөөлөтүнүн түзүлүшү (X-XII кк.). [3. 49 - 58]. Башкача айтканда кыргыздардын (Енисейлик жана Теңир тоолук) бириккен же биргелешип түзгөн жаңы мамлекеттүүлүгү.

Акыркы мезгил тарыхта Карахандар каганаты деген жалпыланган шарттуу ат менен белгилүү. Ушул бириккен Карахандар мамлекетин түзүүдө уйгур каганатын жеңип, тянь-шандык кыргыздар менен түрк тилдүү этносторду бириктирип, саясий башкарууга ээ болгон енисейлик кыргыздардын ролун жокко чыгарууга болбойт. Өткөн замандарда уруунун бүтүндүгү, элдин биримдиги - кийинки учурдагы мамлекеттик түзүлүш жана анын биримдиги, бүтүндүгү катары каралган. Алардын ээлиги, менчиги мамлекеттин ээлиги, менчиги менен салыштырылган. (Мисалы, жерге, сууга, ж.б.). Ар бир этностук топ өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша аларды коргошкон. Кийин алар ар кандай жолдор менен биригишип, ириленишип бир мамлекеттик башкаруу, ээлик, тартип, өз алдынча мыйзамдар иштелип чыгарылып мамлекет пайда болгон. Кыргыз мамлекеттүүлүгү ушул жолду өз баштарынан кечирген. Тарыхта кенен жолуккан кыргыз эли, кыргыз падышачылыгы, кыргыз каганаты, кыргыздырдын улуу дөөлөтү жана алардын бөлүнүштөрү буга ачык далил боло алат. Анткени жеңүүчү эл гана саясий ээликке жетише алган. Башка этносторго өз үстөмдүгүн жүргүзө алган. Аларда бириктирүүчү күч болгон. IX кылымдын орто ченинде (840 жыл) [4. 17] Уйгур каганатын жеңгенден баштап Борбордук Азияда бириккен кыргыздардын (Енисейлик жана Теңир тоолук) саясий үстөмдүгү күчөгөн. Ошонун натыйжасында Борбордук Азиянын кең аймагында кыргыздардын Улуу дөөлөтүнүн тарыхый аренага пайда болуусуна ыңгайлуу шарт түзүлгөн. Ал эми X-XII кылымдарда түрк тилдүү элдердин алтын доору катары даңазаланган Карахандар каганаттарынын түзүлүүсүнө негиз салган эл – ошол бириккен кыргыз эли болгондугуна эч кандай күмөн ойдун болбоосу керек. Себеби, адамзаттын аң сезиминен кенен орун ала баштаган ислам дини кыргыз элин да өз кучагына ала баштаган. Кыргыздардын ислам динине өткөндүгү – бул элдин жеңүүчү эл катары саясий аренага көтөрүлүүсүнө шарт түзгөн. Саясий башкарууга ээ болгон кыргыз эли – келечекте ал динди малекеттик дин катары таанытa алган. Ислам дини гана элдерди бириктире алган күчтүү идеология боло алган. Жеңүүчү эл кыргыздар – бул динди бийлик жүргүзүш үчүн, жалпы элди бириктириш үчүн өз учурунда мамлекеттик дин катары кабыл алгандыгы эз учурунда элдердин биригүүсүн тездеткен. Элдер арасында ар кандай айырмачылыктардын тезирээк жоюлушуна – бирдиктүү мамлекеттик жазуунун – араб арибинин кабыл алынышы да себеп болгон. Ошентип кыргыздарга таандык болгон баштагы рун ариби күнүмдүк колдонуудан четтетилип тарых түпкүрүндө калып калган.

«Манас» жана «Коркут Ата» эпосторунда түрк этносторунун ушул доорлордогу тарыхы жана маданияттары чагылдырылгандыгына өз учурунда улуу түркологдор да көңүл бурушкан [5.135]

Ошентип, бул чыгармаларда негизинен Борбордук Азиянын кең мейкиндигинде байыркы түрк цивилизациясын түзгөн, анын өнүгүүсүнө түздөн-түз катышкан түрк тилдүү этностордун байыркы тарыхы, маданияты, саясий-экономикалык мамилелери чагылдырылган.

Түрк цивилизициясын өнүктүрүүгө негиз салган этностордун ичинен гунндар, огуздар жана кыргыздардын өзгөчө орунда тура тургандыгын эч ким танып кете албайт.

Түрк тилдүү этностордун тарыхы гунндар дүйнөсүнө барып такалуусу да тарыхта маалым. Ошол көөнө тарыхта гунндар менен кыргыздардын жана кыргыздар менен огуздардын жашоо тиричилиги, алыш-бериш мамилелери бири-бири менен чырмалышып, кээде биригишип, бир саясий

башкарууда болушуп, кээде бөлүнүшүп, ар кимиси өз алдынча саясий бөлүктөрдү, мамлекеттерди түзгөндүгү да чындык. Ушул көрүнүштөр «Коркут Ата китебинде» мындайча берилет. «Ал (Коркут Ата – Автолор.) огуздардын айтканы акылга сыйган билерманы эле. Не десе, анын айтканы келчү. Келечек тууралуу түрдүү кабар айтчу» [6. 11]. Коркут атанын андан аркы сөзү менен айтканда огуздардын «тогуз ок огуз», «он ок огуз», «отуз ок огуз», «ички огуз», «тышкы огуз» ж.б., аталыштагы уруу бирикмелерине бириккендиги да жана алардын кийинки замандарда башка этностор менен биригип түрктөрдүн хандыгын, мамлекетин түзгөндүгү да баяндалат. Байыркы замандарда огуздардын коңшулаш элдер менен аралашып, Саян, Алтай тоо этектеринде Енисей, Орхон өрөөндөрүндө жашап, Түштүк Сибирге, анан Сыр-Дарыянын жээктерине тарашкандыгы белгилүү.

Ошол замандарда кыргыздардын огуздар менен короолош, коншулаш болуп жашагандыгы жөнүндө маалымдалынып, «Манас» эпосунда кыргыздар Огузхандан Кыргызхан ж.б. тараган болуп, санжыра Манаска чейин айтылат. Бул маалымат кыргыздардын тарыхый аренага чыга элек кезинде (б.з.ч. 203-жылдар аралыкта) Огуздар менен аралашып бир хандыкта (саясий бирикмеде) болгондугун айгинелейт. Ал эми эпостогу Кыргызхан жана Манас деп айтылган маалыматтар кыргыздардын саясий аренага огуздардан кийин чыккандыгы б.а., енисейлик кыргыздардын өз алдынча мамлекетке жетишип, кийин Улуу дөөлөткө айлангандыгы маалымдалат.

Ушул узун убактагы элдин тарыхын укумдан тукумга угузуп келишкен айрым гана адамдар болушкандыгы «Коркут ата китебинде» төмөнкүчө берилет.

«Колуна комуз алып,  
Элден элге, бектен бекке, акын кезер.  
Эр жоомарттын, эр акмагын акын билер.  
Эл журттун көңүлүн ачкан акын болсун.  
Алып келген капалыкты теңир алсын, Ханым ээй [7. 13].

Ал гана түгүл адамдардын кубанычын кайгы муңун, көңүл кирин комуз менен жарыя айтып, билдире тургандыгы эстеликтин экинчи бөлүгүндө мындайча айтылат.

«Дирсе хан айтты: – Кырк жолдошун Аман!  
Теңирдин биргелигине жоктур күмөн!  
Менин колумду чечкиле,  
Кол комузумду колума бергиле,  
Ал жигитти кайтарайын.  
Керекпи, мени өлтүргүлө,  
Керекпи, тирүү койгула, коё бергиле! [8.24]– деди».

Комуз күүсү менен кайгы-муңду угузуу салты кыргыздарда тээ байыртадан бери жашап, ушул күнгө чейин сакталып келет. “Карагул ботом» баштаган нечендеген арман күүлөр буга ачык мисал. «Коркут ата» дастанында комуз күүсүнүн кайрат, күч бере тургандыгы жөнүндө да айтылат.

«Эй, кырк эшим, кырк жолдошум, неге ыйлайсыңар?

Күүлөнгөн комузумду алып келгиле, сүрөп тургула мени! [9.89]– деди. Ошентип, комуз күүсү чертилип, кырк чоросу сүрөп, кыйкырык салып, эси ооп, жеңилип жаткан Кантуралы баатырды эсине келтирип, чыйралтып жеңишке жеткизет.

Ал эми эл тарыхын жомоктотуп айткан Жээренче чечен, Жайсаң ырчы, Токтогул ырчы, Ырамандын Ырчы уул ж.б., ак таңдай ырчылардын болгондугу «Манас» эпосунда деле айтылат. Ошолордун жандуу айтуулары менен «Манастай» эпостор жаралып бизге жетип олтурат. Ошентип, огуз, кыргыз элдеринде акындар менен комуздун бaркгуу болгондугу жана эки элде тең бирдей иш аткаргандыгы жогорку мисалдардан көрүнүп турат. Жыйынтыктап айтканда, этностордун бири-бирине сиңишип, айрым аймактарды ээлеп, өзүнчө эл болуп бөлүнүп, анан бириккен доору б.з. XV к. бери карата башталып, өзүнчө аталышта түркмөндөр, түрктөр, кыргыздар ж. б., болуп келе жатышкандыгы белгилүү.

Көөнө заманда эки элдин биргелешип жашап, бир саясий тутумда болгондугунун натыйжасында бизге келип жеткен эки улуу эстеликте («Коркут Ата» жана «Манас») эки элге бирдей таандык болгон көөнө тарых, улуу сөз маданияты жаралган. Кылымдарды карыткан эл тарыхы «кербен» болуп «көчүп-конуп», кете бере тургандыгын жана «дөөлөтү артып, сактыкта» болгон кийинки муундар ал тарыхты улай бере тургандыгы «Коркут Ата» дастанында мындайча баяндалат. «Коркут атам баян этти, сөз сүйлөдү, бу Огузнаамэни түздү, кошту, мындай деди:

Алар дагы бу дүйнөгө келди, кетти.  
Кербен сыңар конду, көчтү.  
Аларды да ажал алды, жерге кетти,

Өтмө дүйнө жана калды…
Кара өлүм келгенинче, кечүү берсин.
Сактыкта сагынычың, дөөлөтүң артсын,
Улуу Теңир дос болуп, медет берсин» [10.25].

Улам мезгил өтүп улуулар кетип, алардын ордун кийинки муундар ээлеп, дүйнөнү кабылдоодо, түшүнүүдө, эки көз караштын дал келбей карама-каршы болгондугу менен жалгандан жалаа жабуу, көрө албастык жана карасанатайлык кылуу «Коркут ата» жана «Манастын» (Кырк чоронун чыккынчылыгы, Көзкамандардын кастыгы) айрым эпизоддорунда абдан ачык көрсөтүлгөн. Мисалы, бул окуялар «Коркут атада» мындайча берилет.

«Дирсе хандын кырк жигити Дирсе ханга барды…
Жарыбасын-жалчыбасын, Сенин уулуң куру көпту, арсыз чыкты.
Кырк жигитин жанына алды. Калың огуз үстүнө жүрүш этти.
Кай жерден сулуу чыкса тартып алды,
Аксакалдуу карынын оозун сөктү,
Ак саамайлуу карынын сүтүн кордоду» [11.19].

Ушуга окшоп курудан-куру жалаа жабуулар менен кырк чоронун эпикалык баатырга каршы чыккандыктарын «Манас» [12], «Семетей» [13]. «Курманбек» [14] эпосторунда эң жогорку драмалык чеберчиликте чагылдырылган. (Кыргыз окурмандарына бул сюжеттер кеңири белгилүү болгондуктан аларга токтолбодук).

«Коркут Ата» жана «Манас» дастандарынын жаралуу доору негизинен VIII-IX кылымдар аралыгы болгондугун эстеликтердин өзүнүн тексттеринен да байкоого болот. Окуялар баяндалышы баскынчылыкка, талап-тоноочулукка каршы күрөш болсо дагы, ал эки көз караштын, эки түшүнүктүн, эки диндик ишенимдин карама-каршылыгынын негизинде улам өрчүп, чиеленип отурат (ислам жана түрдүү урууларга таандык болгон башка диндердин ортосунда). Бир жагынан ислам дининин жаңы дин катары Борбордук Азия элдерине кенен жайылтыла башталышы болсо, экинчиден, башка диний ишенимдерде болгон уруулардын ага каршы туруусу өздөрүнө кылымдардан бери таандык болуп, канына сиңген ишенимдерди сактап калуу үчүн жүргүзгөн каршылыктары, кандуу согуштары эпостордун негизги өзөгүн түзөт («Коркут Ата» жана «Манаста» алар азгын диндеги каапырлар деп аталат).

«Мусулман» жана «азгын» диндериндеги элдердин ортосундагы болгон согуштарда дайыма мусулман динин жактоочулар жеңишке жетишишет. Анткени мусулман дининин жайылтуучулары VII кылымдан бери карата араб элдерин, анан Азия элдерин мусулман динине өткөрүүдө согуштук практикадан, атайын идеологиялык даярдыктардан өтүшкөн «Алланын киши үчүн жанын аябаган» тандалма «араб аттарын» минген куралдуу жоокерлерден турган [15.34] .

Ушундай согуштардын бир көрүнүшүн «Коркут Ата» дастанынан келтире кетели.

«Казанбек… ак маңдайын жерге койду, эки рэкет намаз кылды.
Аты кёрктүү Мухаммедге ызаат келтирди. Кара диндүү каапырга көз карартты.
Кайгырды, ат салды, каршы барды, кылыч урду».
«Ал күнү эр жүрөк бек эрендер кайта-кайта согушту.
Ал күнү кара болот курч кылычтар чабылды.
Ал күнү каргы тилдүү кайың октор атылды, (жаалар)
Алысты урган сыр найзалар мокоду.
Ал күнү наамарттар, ыймансыздар сабы менен жер жайнады» [16.67].

Мына ушинтип мусулман дини Азия элдерине, «Азгын диндүүлөргө» каршы жүргүзүлгөн согуштарда учунан кан тамган кылыч мизи менен жайылтылган. Ошону менен кошо мусулман дининин тазалыгы, анын кереметтүүлүгүн түшүндүрүүчү атайын окуулардан окуган, даярдыктардан өткөн «олуя-дербиштер» эл ичине жөнөтүлгөн, алар элди жаңы динге өтүүгө үгүттөшкөн. Ал гана түгүл тарых түпкүрүнөн бери калың эл ичинде кенен айтылып келе жаткан эпикалык чыгармалардын мазмунуна да ислам дининин эрежелерин атайылап кошушуп, баатырлардын жеңиштери «алланын кудурети», «теңирдин колдоосу» менен болуп жатат дегенге чейин барышкан. Бул саясат үстөмдүк кылган эл үчүн, бийлик үчүн абдан керек эле.

Толуп жаткан ар кандай идеологиялык жолдор менен элге жайылтылган жаңы дин, ислам, X-XII кк. бүтүндөй Борбордук Азиянын көпчүлүк аймактарын башкарып турган «Карахандар» мамлекетинин тушунда мамлекеттик негизги дин болуп кабыл алынган. Ушул доордо ислам дини Азия элдерин бириктирүүчү эң негизги идеология болуп, өзүнө тарткан борбордук зор күч болуп чыга келген. Ал эми ислам дини менен кошо элге кенен жайылтылган «араб алфавити» ошол кездеги түрк тилдүү элдердин жазма маданиятынын жаралуусуна жана өнүгүүсүнө негиз болгон. Анткени, X-

XII кк. араб алфавити Карахандар мамлекетинин мамлекеттик жазмасы болуп эсептелинген. Ушунун негизинде бириккен кыргыз элинин мурунку жазуусу, жазма адабияты унуткарыла баштаган.

Ошентип, орто кылымдардын коогаландуу заманында Борбордук Азия элдерин бири-бирине баш коштуруп, ыкташтырып, бир саясий бirимдикке бириктирүүдө, жалпы рухий маданиятты өстүрүүдө ислам дининин ролун жокко чыгарууга акыбыз жок.

Ислам дини жөнүндө айтып жатып элдик дастандарда айтылган дагы бир маселеге көңүл бөлөлү. «Коркут Атадагы» дарек боюнча кудай Көктө турбайт, Жерде жашабайт, көзгө көрүнбөйт, тирүү болуп эч кимге жолукпайт, бирок бардык аракет, бардык өзгөрүүлөр анын башкаруусунда болот. Бул сырдуу болумуштар Теңир деген ат менен айтылып, дастанда мындайча берилет:

«Бийиктердин бийигисиң, улук Теңир!
Эч ким билбес жердесиң, Теңир!,
Канча киши өзүн көктөн издеп, жерден табар.
Сан момундар көңүлүндөсүң.
Сен бийиксиң, кудреттүүсүң.
Түбөлүк сыр ээсисиң» [17.80] .

Ошентип, биздин ата-бабаларыбыз аалам сырын, жашоо сырын ачык түшүнө албай «Теңирдин буйругу да» деп гана тим болушкан. Табышмактуу сырдуу дүйнөнүн алдында адам өзүн алсыз сезген, кайрадан эле Теңирден жардам, колдоо күткөн. Ал «Коркут Ата» дастанында мындайча берилет.

«Чокулардан бийиксиң,
Эч ким билбес кандайсың, азиз Теңир?
Энеден туулбадың,
Сен атадан болбодуң,
Эч кимден ырыскы жебедиң.
Эч кимден күч албадың.
Дайыма жалгыз, Алла өзүңсүң!...
Же сызылган бейнең жок!
Басканың билгизбеген, улуу Теңир!
Көтөргөнүң көккө жеткирген, көрктүү Теңир!.
Какканына каар эткен, каардуу Теңир!
Бирдигине сыйындым, касиеттүү кадыр Теңир!
Жардам сенден!» [18.101] .

Ошентип, эпикалык баатырлардын бардык аракети, кылган иши, жеңиши, ийгиликтери бардыгы тең Теңирдин колдоосу менен гана болуп жаткандыгы далилденет. Касиеттүү Бакай ата менен Коркут атанын батасы тийсин, жалпы журт көңүлгө баксын.

«Коркут атам келип күү чалды, жер кыдырып, сөз айтып, казатта эрендер башына келгенин сүйлөдү:

«Эми кана, бек эрендер, дүнүйө меники дегендер?
Ажал алды, жер жутту, өтмө дүйнө кимге калды?
Келимдүү - кетимдүү дүйнө, соңку учу өлүмдүү дүйнө!
Ажал келгенде ар-ыймандан айырбасын!
Кадыр сени наамартка муктаж этпесин!
Алла берген үзүлбөсүн!
Ак алдында беш ооз дуба кылдык, кабыл болсун!
«Оомийин» дегендер дидар көрсүн!
Жыгыштырсын, туруштурсун, күнөөңүздү
Аты улук Мухаммед Мустафага багыштасын, Ханым, эй!!!» [1.126] .

Эл башкарган, эл бийлеген адамдардын жана элдердин көптөгөн баатырлардын минген аты, жашоосунда пайдаланылган курал-жарагы, буюм-терими «ыйык» деп эсептелинген. Ушул түшүнүктө ал адамдын минген атына, алган аялына башка бирөөлөр ээлик кылуу күнөө катары эсептелинип, ал өлгөндө анын минген аты, алган эң сүйүктүү аялы кошо өлтүрүлүп, курал-жарагы, буюм-терими, кийими, тамак-ашы - идиши менен кошо көрүстөнгө коюлушу маркумга көрсөтүлгөн сый-урмат катары гана эсептелинген. Ал маркум, тигил дүйнөдө эч нерседен кемибей мурдагыдай жашасын, кемибесин деген түшүнүк болгон. Буга ачык мисал, скиф, сак-гунн, түрктөр доорлорундагы көрүстөн мүрзөлөрүнөн казылып алынган археологиялык материалдар ачык мисал боло алат.

Манас дүйнөдөн кайтып, көз жумганда анын сөөгүн, кымбат буюмдарын, курал–жарагы менен кошо Эчкиликтин Кара үңкүрүнө алып барып коюулуусу, кийин Семетейдин кайып болуп кетип:

"Тай бууруллун үстүндө, Ыйыктан бүткөн чынардай, жаркып кетип баратты" – деп айтылып Семетейдин ошол үңкүргө кирип кетип жогоруда айтылган тарыхый замандын кайталанышы деп түшүнөбүз. (Ата–бабанын көрүстөнүнө сөөк коюу салты да эскерилип жатат). Ал эми айтуучунун эпикалык баатырды өлүмгө кыйбай тирүүлөй кайып кылып жибергендиги сүйүктүү баатырдын эл эсинде тирүү бойдон турсун дегени гана. Ал дайым элин колдоп, элин коргоп турсун деген түшүнүктө гана ушундайча берилген.

Улуу дастандардын теңдешсиз мааниси – кыргыз мамлекеттүүгүнүн өнүгүүсүндө кыргыз элинин боордош элдер менен болгон этностук байланышы, ошондой эле алардын саясий-социалдык абалы эпикалык баатырлар аркылуу чагылдырылып, ал элдик педагогиканын негизинде жаштарга таалим тарбия берип, «адам бол, балам» деп, аларды элге кошуу, элдин купулуна толгон, эл керегине жараган уул-кызды чоңойтуу.

Сөз соңунда айтарыбыз, элибиздин акылман ой-сезиминен жаралган, уламыштардан уланып бизге келип жеткен жогоркудай бай мурастарды сактай билели, барктай билели демекчибиз. Байыртадан адамзат баласы жараткан улуу маданияттын алкагында түрк тилдүү элдердин дүйнөсү жана маданияты дүркүрөп өскөн түптүү дарак болсо, кыргыз элинин маданияты – анын бир бутагы. Ал байыркы чексиз кенч, улуу мурас болгон "Манас" эпосу жана «Коркут Ата китеби» бүткүл түрк элдеринин маданият дарагынын түгөнгүс азыгы, соолбос булагы болуп, азыркы жана кийинки муундар рухунда дайыма жашай бермекчи.

**Шилтемелер:**


1. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. – Мектеп, 1984. 55 бет
2. Асанканов А, Осмонов О.Ж. Кыргызстан тарыхы. Бишкек.,2004. 234 бет
3. Айдаркулов К. А. Кыргыз мамлектүүлүгүнүн калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн негизги этаптары (мезгилдери) // Кыргыз мамлекетине XXII кылым. Жалалабат., 2003. 49 – 58 бб
4. Кыргыз тарыхы энциклопедия. Бишкек.,2003. 17 бет
5. В.В. Бартольд. Книга моего деда Коркута. - Баку, 1999; Ушул эле китепте: А.Ю. Якубовский. Китаб-и Коркут. 127, 135-бб; В.М. Жирмунский. Огузский героический эпос «Книга Коркуда», 136, 145, 157-бб.
6. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 11-б.
7. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 13-б.
8. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 24-б.
9. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 89-б.
10. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 25-б.
11. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 19-б.
12. Манас эпосу. Фрунзе.,1958. 1-2 том.
13. Семетей эпосу.Фрунзе.,1964.
14. Курманбек. Эл адабияты сериясы. 5-т. - Бишкек, 1998.
15. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 34-б.
16. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 67-б.
17. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 80-б.
18. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003. 101-б.
19. Коркут Ата китеби. - Бишкек, 2003.126-б.



**Ө. Ж. Алымкожоев,**

Жусуп Баласагын атындагы
КУУнун окутуучусу
(Бишкек, Кыргызстан)


## КЫРГЫЗДАРДЫН АСКЕР ИШИНИН Ю. С. ХУДЯКОВДУН ЭМГЕКТЕРИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (IX-X КК.)

Кыргыз эли жана кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн IX-X кылымдар эң маанилүү тарыхый доор. Бул Кыргыз каганатынын Борбордук Азияда бийиктикке кол сермеп турган мезгили болуп эсептелет. Буга кыргыз элинин Уйгур каганатынын үстүнөн болгон согуштук жеңиши, Кыргыз мамлекетинин аймактарынын кеңейиши, анын курамына Борбордук Азиянын кенен мейкиндиктеринин кириши, өз этносунун жайгашкан аймактарынын кеңейиши, жана ошондой эле бул жеңиштерге жеткискен аскер ишинин жогорку деңгээлде өнүгүшү далилдеп турат.

Энесайлык кыргыздардын аскер иши жөнүндө изилдөөлөр, XVIII кылымдын башталышында эле окумуштуулардын баамына урунган. Орто кылымдарга мүнөздүү курал-жарактар, кыргыздардын түрктөр, уйгурлар жана монголдор менен болгон согуштарын баян кылган жазма даректердеги